КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН**
**VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН** кезектеги **XIX СЕССИЯСЫ**

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**11-июнь 2026-жыл** **№ 3** **Октябрь айылы**

**Багыш айыл өкмөтүнүн 22.04.2026-жылдагы № 01-15/62 кайрылуусу жөнүндө.**

Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 22-апрелиндеги 01-15/62 сандуу “Багыш айыл өкмөтүнүн аймагында Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолунун курулушу болуп жаткандыгына байланыштуу курулушка туш келген турак жайларды көчүрүүгө тандалган айыл чарба багытындагы жер аянтын калктуу конуштар жерлерине которууга (трансформациялоого) Багыш айылындагы №572 контурундагы 13га жер аянтын эскиздик генпланын Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын 08.06.2026-жылдагы протоколдук чечимин угуп жана талкуулап **Багыш айылдык кеңеши токтом кылат:**

1.Кыргыз Республикасынын “Жер” Кодексин негиздеп, Багыш айыл өкмөтүнүн аймагында Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолунун курулушу болуп жаткандыгына байланыштуу курулушка туш келген турак жайларды көчүрүүгө тандалган айыл чарба багытындагы жер аянтын калктуу конуштар жерлерине которууга (трансформациялоого) Багыш айылындагы №572 контурундагы 13 га. жер аянтын эскиздик генпланын бекитилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагын Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Таевге милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

4.Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.М.Кулмамбетов**